УДК 811.512.154
DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-285-288

**БАЙМАТОВА Н.Н.**
И. Арабаев атындагы КМУ
**БАЙМАТОВА Н.Н.**
КГУ имени И. Арабаева
**BAIMATOVA N.N.**
KSU named after I. Arabaev

# «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАГА БАЙЛАНЫШТУУ ФИЛОСОФИЯЛЫК ТҮШҮНҮМДӨР

## ФИЛОСОФСКИЕ КОНЦЕПЦИИ, СВЯЗАННЫЕ С НАРОДНОЙ ПЕДАГОГИКОЙ В ЭПОСЕ «МАНАС»

## PHILOSOPHICAL CONCEPTS RELATED TO FOLK PEDAGOGY IN “MANAS” EPIC

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада «Манас» эпосундагы элдик философиялык түшүнүмдөрдүн камтылышы тууралуу айтылат, элдик дүйнө-таанымдын негизинде эпосто кыргыздарды курчаган дүйнөнүн маани-маңызы, жаратылыш менен болгон байланышы туурасындагы ой-түшүнүмдөр чечмеленет. Негизги каармандын айланасындагы элдик мифологиялык, диний, философиялык түшүнүмдөр каралат. «Манас» эпосун интеграциялап окутуу максатында жаштарга элдик чыгарманын философиялык жактарына көңүл буруп, ошол учурдагы көрүнүштүн азыркы мезгилдеги кабыл алынышы баяндалат. Аалам-адам дуализминен тартып, индивидуализм менен коллективизмдин диалектикалык биримдиги элдин кызыкчылыгына төп келгендиги аныкталат.

**Аннотация:** В данной статье говорится о содержании народной философии эпоса «Манас», основанной на народном мировоззрении, в котором трактуется смысл окружающего кыргызский народ мира и его связь с природой. Рассматриваются концепции народной мифологии, религиозные и философские понятия, связанные с главным героем. В целях комплексного преподавания эпоса «Манас» обращается внимание на философские аспекты народного творчества, описывается рецепция актуального явления в современности. Определено, что диалектическое единство индивидуализма и коллективизма соответствует интересам народа исходя из вселенско-человеческого дуализма.

**Abstract:** This article talks about the content of the folk philosophy of the epic «Manas», based on popular world-lore, the meaning of the world surrounding the Kyrgyz people and their connection with nature is interpreted in the epic. Folk mythological, religious and philosophical concepts around the main character are considered. In order to teach the epic "Manas" in an integrated way, young people will pay attention to the philosophical aspects of the folk work, and the reception of the current phenomenon in the present time will be described. It is determined that the dialectical unity of individualism and collectivism is in accordance with the interests of the people, starting from the universe-man dualism.

**Негизги сөздөр:** мифология; философия; аң-сезим; фольклор; патриоттуулук; түшүнүм; дуализм; концепция.

**Ключевые слова:** мифология; философия; сознание; фольклор; патриотизм; понимание; дуализм; концепция.

**Keywords:** mythology; philosophy; consciousness; folklore; patriotism; understanding; dualism; concept.

Кылымдардын элегинен өткөн кыргыз эпосу – дүйнөлүк элдик эпостордун ичинен жаңы муундардын дүйнө таанып-билүүсүнө түрткү болуп, маданий азыктын уюткусун түзгөн. «Манас» эпосу боюнча тарыхый-этнографиялык жана адабий-фольклордук жактан жүргүзүлгөн илимий-изилдөө иштери арбын. Ал эми философиялык аспектиден алып караганда тиешелүү концепция, система болушу келечектеги милдеттерден. Эпосто уюган элдик философиянын камтылышын илимий ой жүгүртүүнүн бай каражаттарын колдонуу менен, гуманитардык ойдун тилинде туюнтуп берүүгө аракеттендик.

«Манас» эпосунда чагылдырылган Рух философиясы – бул эркиндикти баалоо, эли-жерин сүйүү жана коргоо, жаратылыш менен ажырагыс бирдикте экендигин сезүү философиясы. Философия-дүйнөнүн ,табияттын, коомдук аң-сезимдин өтө жалпы мыйзамдары жөнүндөгү теориялардан турган кенири илим тармагы экендиги баарыбызга белгилүү. Кыргыз эли философиялык теорияларды түзбөгөнү менен, философиялык түшүнүмдөрдөн кур калган эмес [6].

Кыргыз элинин өткөн доорлордогу философиялык түшүнүмдөрүн изилдөөдө табылгыс материал катары улуу «Манас» эпосунун өзгөчө мааниси бар. Өткөн менен бүгүнкүнүн рухий чөйрөдөгү байланышы жаштар үчүн өзгөчө мааниге ээ. Рухий маданияттын өткөн тарыхын жакшы билүү анын өзөктүү да, өрнөктүү да жактарын ажырата таануу азыркы күндө жаштардын көз алдында өтүп жаткан коомдук процесстерди туура баалап, терең түшүнүүсүнө өбөлгө болорунда шек жок. Көсөм тарыхтын чоң касиети анын тарбиялык таасиринде.Тарых качан гана улам жаңы муундар тарабынан терең өздөштүрүлүп, жаңыланып, өнүктүрүлүп турганда анын бүт багыттары ачылат.

Өткөн доор менен азыркы учур бири-биринен ажырагыс түшүнүктөр. Анткени, өткөн тарыхтын өзөктүү жактары учур үчүн да актуалдуулугун жоготпойт. Өткөн доор, азыркы учур жана келечек – үч мезгил түшүнүктөрүнүн бир бүтүндүгүнөн гана адамзаттын тарыхы түзүлөт. Анткени социалдык-тарыхый турмуштун диалектикалык логикасы, мыйзам ченемдүүлүгү мына ушунда. Ушул мыйзам ченемдүүлүк элдик оозеки чыгармачылыкка тиешелүү, жеке адам менен ааламдын ажырагыс биримдигин көрсөтүү «Манас» эпосунун уңгулуу өзөгүн түзөт.

Кыргыз элинин коомдук философиялык түшүнүмдөрүн коомдук экономикалык формацияларды толук басып өтпөгөн соң, коомдук аң-сезимдин формалары боюнча иликтеп көрөбүз. Тарыхый-философиялык талдоону алгач мифологиялык, диний жана философиялык аң-сезимдин элементтерине бөлүштүрөбүз. Кыргыз эли өзүнүн тарыхый басып өткөн жолунда макал-лакап, табышмактардан тартып дүйнөдөгү эң ири «Манас» трилогиясындай монументалдуу эпосту түзүп жатса, анын философемалары болгон эмес деп эч качан айта албайбыз.

Бул жерде, – «Эл – материалдык мүлктөрдү түзүүчү күч гана эмес, ал рухий байлыктардын жападан жалгыз гана түгөнгүс булагы, чыгармачылыктын көркөмдүгү менен гениалдуулугу, доору боюнча бардык улуу поэмаларды дүйнөнүн бардык трагедиясын жана алардын ичинен эң улуу – бүткүл дүйнөлүк маданияттын тарыхын түзгөн биринчи философ жана акын» – деген улуу жазуучу М.Горькийдин акыл-ой байлыктарын түзүүдөгү элдин ролу жөнүндөгү пикирин эске алып кетүү жөндүү [7, 48-б.].

«Манас» эпосу мифий-эпикалык аң-сезим менен тикеден-тике байланыштуу. Аң-сезим – тарыхтын табылгасы, анын спецификалык өзгөчөлүктөрү адам коомунун реалдуу тарых процессинин өнүгүшүндө калыптанган жана өзгөрүлгөн. Философия-ойлом процессинин эң жогорку продуктысы катары адам коомунун мурдагы табигый-тарыхый өнүгүшүн, анын материалдык жана рухий ишмердигинин мыйзам ченемдүүлүгүнүн жыйынтыгы болуп эсептелет. Аристотелдин пикири боюнча адамдар таңдануунун натыйжасында философиялык ойлорго бериле баштаган [8]. Мифология-коомдук аң-сезимдин спецификалык формасы катары синкреттик башталмага ээ болгон. Мезгилдин өтүүсү менен искусство, дин, философиялык коомдук аң-сезим формалары өнүгүп чыккан. Фольклор, анын ичинде эпикалык чыгармалар адам ойломундагы мифологиялык дүйнө кабылдоону жана филосемалык мааниге ээ түшүнүмдөрдү камтып турат. Байыркы мифологиялык көз караш, анын алкагында дүйнө түшүнүүнүн деңгээлдери негизинен элдик оозеки чыгармачылык, «Манас» эпосу аркылуу биздин күнгө чейин келип жетти. «Манас» эпосунда орун алган ойлом масштабдары байыркы Индия, Кытай, Греция мифтик чыгармаларындагы аң-сезимдин жагдайлары менен да үндөшүп кетет.Тарыхый өнүгүүнүн эрте баскычында дүйнө кабылдоонун ойлом ыкмасынын өзгөчө көрүнүшү катары мифке токтолсок. Миф – грек тилинен которгондо «баяндоо». Мифтердин мазмуну кудайлар, шумдуктуу баатырлар, табиятынан сырткы күчтөр жана акылга сыйбаган кубулуштар, окуялар жөнүндөгү баян болуп эсептелет. Мифтерде баяндалган окуялар турмуштук чындык катары сүрөттөлгөн жана кабыл алынган. Кыргыз мифтери «Манас» эпосунун структурасына синип, көркөм каражат катары пайдаланылат. Алсак, «Манастагы» Алмамбеттин образы мифологиялык белгилерге өтө бай. Алмамбет-табигаттын сырын билген жайчы адам. Ал жаш кезинде өз устатынан үйрөнгөн. Кытайдын калың колу келе жатканда Манас согушка даяр болбогондуктан, Алмамбетке кайрылып, Кытай аскерлеринин турган жерине кар жаадыртып, алардын артка чегинишин талап кылат. Алмамбет көк ташын дубалап, бороон-чапкын, алай-дүлөй, чагылганды чартылдатып бүлүк салат да, Манастын талабы аткарылат. Мында «Жайчы» деген сөз мифологиялык түшүнүк, Адам менен Жаратылыш байланышта болуп, аны өзүнүн кызыкчылыгына карата өзгөртүп турат деген ой пайда болгон.

Асманга, Тенирге, Жаратылыштын ар түрдүү кубулуштарына кыргыздардын терең ишеничи бул эпосто устаттык менен чагылдырылган. Табиятка сыйынуу, Асман жөнүндө түшүнүк кыйла байыркы сыйынуучулук катары каралып, кыргыздарда сакталган асманга сыйынуунун издери болсо, кыргыздардын ата-бабалары кудурети күч тенир катары асманды ардактап келишкенинен кабар берип турат. Ал эми 19-кылымдын орус этнографы Ф.Поярков «кыргыздар күндү кудайдын күзгүсү дешип, баа берип жүгүнүшөт» деп жазган [2]. Демек, мунун өзү асман телолорунун айрыкча Күндүн кыргыздардын ишенимине канчалык терең сингендигин таасын айгинелейт. Эпосто эл сүйгөн баатыр Манастын асмандагы айга күнгө теңеп ырдалганынын себеби да ушундан болгон:

Айын менен Күнүндүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй,
Асман менен Жериндин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Алды калын кара Жер,
Жерлигинен түткөндөй.

Мында сүрөттөлүп жаткан Манастын келбети, образы, жер менен ажырагыс бирдикте экени сезилип турат.Элде кыздардын сулуулугун Ай менен Чолпон жылдызга салыштырганы бекеринен эмес. Мисалы: Каныкейдин сырткы турпаты:

Ай чырайлуу бото көз,
Кызыл жүздүү нурданган,
Кымча бели буралган,
Кырк бир кыздын ичинен,
Артык турат Жылдызы,
Ай тийгени колуна,
Ала турган жарындын
Акылынын жетиги.

Эл арасына кенири тараган: жылдыздар сыйкырдуу, асманда канча жылдыз болсо ошончо адам жашайт, ар бир адамдын жылдызы бар, көктөн учуп түшкөн жылдыз, жердеги кишинин өлгөнүн билдирет деген суевериялык түшүнүк дал ушуну ырастайт.

«Манас» эпосунда туусун колдон алдырып, баш ийишкен душмандарды кулаган жылдызга теңөө кездешет. М: Капырлардын бул күндө,

Башынан качып сыймыгы,
Жерге түштү жылдызы.

Кыргыз элинин аң-сезиминдеги ушул сыяктуу түшүнүктөрдүн келип чыгышы байыркы окумуштуу Платондун натурфилософиялык окуусу менен үндөшүп турат. Элдик билимдердин тармагына кыргыздардын жылдыздарды карап, багытты билгилегенин да кошууга болот. Көчмөндөр түнкү жылдыздарды «Чоң Жетиген», «Жети Аркар», «Жети каракчы» жылдыздары боюнча горизонтту аныктай алышкан. Эпостогу Манастын чоролору ант бергенде чөгөлөп туруп, кылычты эки колдоп кармап, мизин өзүнө каратып, төмөндөгүдөй сөздөрдү айтып ант берген: «Төбөсү акКөк урсун, Ач албарстын мизи урсун», бул болсо Асмандын ыйыктыгын, касиеттүүлүгүн көрсөтөт. Элдин Айга, Күнгө сыйкырдуу күч катары ишенүүсү алардын аң-сезимине терең из калтырган. Ошондой эле ушул эле эпостогу жалгыз көздүү дөө, кытай чегин кайтарган куу түлкү, канаттуу аттар, ак марал, албарсты, желмогуз, итаалы, мүрөктүн суусу деген философиялык түшүнүмдөр миф катары берилген. Адам Ата менен Умай Эненин күчүнө сыйынышкан, Манасты үстүнөн алп кара куш, ортосунан жолборс, астынан ажыдаар жандап жүрөт деп түшүнүшкөн. Эл өзүнүн бааатырын өлүмгө кыйбастан, кайып болуп кетти дешкен. Мунун өзү да мифологиялык түшүнүк.

Эпостогу мифтер – жаратылышка, айлана-чөйрөгө, коомго карата болгон адамдардын алгачкы мамилесин, катышын белгилейт да, табияттын ар кандай кубулуштарын өзгөрүү мыйзамдарын үйрөнүүдөгү адам коомунун көз карашын жана дүйнө таануудагы алгачкы аракеттенүүлөрүн өз кучагына камтыйт. Мифологиялык аң-сезимден кийин диний аң-сезимдин формаларына токтолобуз. Кыргыз эли өзүнүн коомдук турмушунда эң байыркы диний түшүнүктөрдүн ар кандай формаларын колдонуп келишкен. Алардын ичинен тотемизм, шаманизм жана исламды айтууга болот. Тотемизм – жаныбарлар менен адамдардын ортосундагы теги биргелик жөнүндөгү диний түшүнүк. Кыргыздардын тотеми- кызыл ит же карышкыр болгон. «Манас» эпосунда ортоңку катмардын әкүлү көк бөрү дайыма Манасты жандап жүрөт [8].

Шаманизм-кандайдыр бир духтун жин-перинин бар экендигине жана алардын адамдарга түздөн-түз таасир этүү жөндөмүнө ээ экендигине негизделген түшүнүк. «Манас» эпосунда Манас катуу жарадар болуп, душмандын колуна түшөөрдө кайып болуп кетиши, Семетейдин дагы жин-

перилер аркылуу жок болуп кетиши мисал боло алат. Эпос боюнча караганда кыргыздар көбүнчө ислам динине чейин жер-сууга, тоо-ташка сыйынышып, алардын күчүнө ишенишкен. Бакшылык күчтүү болгон, элдик ойчулдук жана элдик медицина менен байланышта болуп, кудай тарабынан жөнөтүлгөн сыйкырдуу күч ээлери гана жарамдуу деп эсептешкен. Эл массасы кудайды бардык жашап тургандардын жараткыч күчү жана алардын тиричилигинин биринчи себепкери катарында таанышкан. Ислам динине карата мусулманчылыктын эрежелерин сактоо, жаратканга баш ийүү айтылган. Эпостогу мифологиялык жана диний аң-сезимдерден кийин, элдик философиялык аң-сезимдин элементтерин талдайбыз.

―Манас‖ эпосу кыргыздардын коп кылымдык тарыхы менен маданиятынын турдуу этаптарын чагылдыруучу оз алдынча энциклопедияны элестетет, кыргыз элинин педагогикалык коз караштары менен философиялык ой жугуртуулорунун озгочолугун ачып берет, моралдык-этикалык ченемдер менен тарбиялоо практикасы менен тааныштырат [,.76-77-б..

Маданият таанууда материалдык маданият жалпысынан, материалдык ондуруш озгочо адамдын ан-сезимдуу тируу жан катары манызын, анын чыгармачылык потенциалы, озундогу
―менди‖ остуруу учун, жашоо тиричилигин оркундотуу учун озу жараткан каражаттар жана шарттар чегиндеги коз караш менен маданияттын субьектиси катары адамдын жондомдуулугун ишке ашыруу мумкунчулугун остуруу жана кенейтуу коз карашы менен бааланат [10, 85-86-б.].

«Манас» эпосундагы коомдук-социалдык көз-караш биримдүүлүк, борборлоштурулган бийликке баш ийүү, бекем баш кошуу-душмандын үстүнөн жеңип чыгуунун бирден-бир шарты. Эпостогу илгертеден бери келе жаткан «канткенде адам улуу адам болот?» деген суроого улуу эпосубуз, Манас атанын образы жооп берет. «Манас» инсанды эң жогорку адеп-ахлак чен өлчөмдөрү менен таразалайт. Жеке пенде «Манаста» адамгерчилик, абийир, жигиттик ар-намыс, ата-журт, калайык-калк алдындагы атуулдук парз, патриоттук милдет деген чоң түшүнүктөр менен ченелип-бычылат, ушул борбордук мерчемдерге болгон мамилесинде бааланат. Манастын пир туткан кудайы, сыйынган дини-элдин кызыкчылыгы, Ата Мекен эркиндиги, журттун ар-намысы. Анын акыл-эси – ар дайым өз Ата журтунун, элинин стратегиялык маселери менен алек. Манас бийик патриоттук милдеттерди карап, өз мекендештерин журт башына келчү коркунучтун алдында сак турууга, сергек болууга чакырат. Аалам-адам дуализминен тартып ата-бала, эркек-аял, улуу-кичүү мамилерине калк абалтан акыл калчап, ой толгогон. Көчмөн заманда мал багып, аң уулап ат үстүндө же жоокер жолун тутуп, жоо бетинде туруп өмүр өткөргөн эл Көк Тенирдин кудуретине өзгөчө сыйынган. Тенирдин ыйык касиетине ишенүү, анын негизин жашоонун жана жакшылыктын жандуу башталмасы деп түшүнгөн элдик философия түзөт. Индивидуализм менен коллективизмдин диалектикалык биримдиги элдин кызыкчылыгына төп келет. «Манас» эпосунун гениалдуулугунун жана философиялык түшүнүмдөрүнүн ар бири элдик педагогиканын негизинде таанып-билүүдө, өзгөчө чыгарманын табигый түрдө диалектикалык ойлоонун принциптерине жана мыйзам ченемдүүлүктөрүнө толугу менен дал келери белгиленет.

### Колдонулган адабияттар


1. Абрамзон С.М. «Манас» эпосундагы этнографиялык сюжеттер». – Фрунзе, 1946.
2. Байгазиев С.О. Азыркы адеп-ахлак кризиси жана «Манас» // «Кутбилим» газетасы, 1994, 28-сентябрь.
3. Байбосунов А. Ааламдын түзүлүшү туурасындагы элдик түшүнүктөр // «Кыргызстан маданияты» газетасы, 1983, 26-май.
4. Бөкөшов Ж. Таанып-билүүнүн табышмактары. – Фрунзе: «Кыргызстан», 1998.
5. Горький М. О литературе. – Москва, 1953, 48-б.
6. Кыргыз элинин өткөн доорлордогу философиялык түшүнүмдөрүн изилдөө // «Ала-Тоо» журналы, 1989, №7.
7. Поярков Ф. Каракиргизские легенды, сказки и верования. – Верный, 1900, 31-б.
8. Чолпонкулов А. «Манас» эпосунун философиялык кээ бир маселелери. – Бишкек, 1994.

9. Гапаров С.С. КРсынын илимине эмгек синирген ишмер, философия илимдеринин доктору, профессорЖумагулов Мааметайып // Ж. Баласагын ат. КУУнун жарчысы, 2023, 85-89-б.

10. Доолотбакова Р.Ж. Мамлекеттик тил жана мурас укугу // Ж. Баласагын ат. КУУнун жарчысы, 2023, 75-78-б.